КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ
КАРГАЛЫК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ
721500 Казарман айылы Ж.Акимбаев көчөсү №81.
тел: (03738) 5 - 00 - 24

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КАРГАЛЫКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
721500 с. Казарман ул. Ж.Акимбаева №81.
факс: (03738) 5 - 00 - 24

**Каргалык айылдык кеңешинин кезектеги VI сессиясынын**
**№ 35 ТОКТОМУ**

**5 – июнь 2024-жыл** **Казарман айылы**

**Тогуз - Торо районунун “Ардактуу атуулу” номинацияга сунуштоо жөнүндө**

Каргалык айылдык кеңешинин «Мыйзамдуулук, укук, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо боюнча, депутаттык этика, мандат, регламент, маданият жана социалдык маселелер боюнча» туруктуу комиссиясынын төрайымы Мамырова Каныш Мөкүшовнанын билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Каргалык айылдык кеңешинин Регламентинин 2-главасынын 2.1-пунктуна ылайык,

**Каргалык айылдык кеңешинин кезектеги VI сессиясы**
**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргыз Республикасынын муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү бирдиктүү мамлекеттик саясатты ишке ашыруудагы сиңирген көп жылдык үзүрлүү эмгеги үчүн, Районубуздун спорт тармагына кошкон салымы жана жаштарга спорт чөйрөсүндөгү үлгү көрсөткөндүгү үчүн областыбыздын, районубуздун социалдык-экономикалык абалын көтөрүүгө кошкон маанилүү салымы жана райондун, айылдын элине талыкпай ак ниет кызмат көрсөтүп келгендиги үчүн Каргалык айыл аймагынын тургуну, Жалал-Абад областтык эмгек, социалдык жактан коргоо жана баштапкы кесиптик билим берүү башкармалыгынын “Ардак грамотасы”, Жалал-Абад областтык мамлекеттик администрациясынын алдындагы дене тарбия жана спорт боюнча методикалык борборунун “Ардак грамотасы”, Жалал-Абад облустук мамлекеттик администрациясынын “Ардак грамотасы”, Тогуз-Торо райондук мамлекеттик администрациясынын “Ардак грамотасы”, Кыргыз Республикасынын Жаштар иштери боюнча министрлигинин “Ардак грамотасы”, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттигинин “Ардак грамотасы”, Тогуз-Торо райондук Кеңешинин “Ардак грамотасы”, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Кадр кызматынын “Ардак грамотасы”, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик муниципалдык мекеме жана коомдук тейлөө кызматкерлеринин профсоюзунун Жалал-Абад областык комитетинин “Ардак грамотасы”, Жалал-Абад шаардык мэриясынын “Ардак грамотасы”, Жалал-Абад облустук Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт башкармалыгынын “Ардак грамотасы”, Кыргыз Республикасынын Улуттук Олимпиадалык Комитетинин “Ардак грамотасынын” ээси, учурда Кыргыз Республикасынын маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине караштуу Дене тарбия жана спорт департаментинин региондордо дене тарбия жана массалык спортту өнүктүрүү бөлүмүнүн начальниги болуп

иштеп жаткан Бекмурзаев Замирбек Бейшеналиевич Тогуз-Торо районунун “Ардактуу атуулу” номинациясына сунушталсын.

2. Бул сунушту колдоп берүү жагы Тогуз-Торо райондук мамлекеттик администрациясынан суралсын.
3. Бул токтом Каргалык айыл өкмөтүнүн http://kargalyk.gov.kg/ расмий веб-сайтына жарыялансын.
4. Бул токтомду аткаруу жагы Каргалык айыл өкмөтүнүн башчысы З.Э.Акуновага жүктөлсүн.
5. Бул токтомду көзөмөлдөө жагы «Мыйзамдуулук, укук, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо боюнча, депутаттык этика, мандат, регламент, маданият жана социалдык маселелер боюнча» туруктуу комиссиясынын төрайымы К.Мамыровага милдеттендирилсин.

**Каргалык айылдык кеңешинин төрагасы** **Т.И.Токтоболотов**